*Казиева Г.К.*

# КРЕДИТТИК СИСТЕМАДА БАКАЛАВРЛАРДЫН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНЫН КАЛЫПТАНУУ ДЕҢГЭЭЛИН БААЛОО

*Казиева Г.К.*

# ОЦЕНКА УРОВНЯ КОМПЕТЕНТНОСТИ БАКАЛАВРОВ В КРЕДИТНОЙ СИСТЕМЕ

*G.K. Kasieva*

# THE ASSESSMENT OF BACHELORS COMPETENCE LEVEL IN THE CREDIT SISTEM

*УДК: 336.47:378*

*Бул макалада кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгүнүн маани-маңызын аныктоо, кредиттик системада бакалаврларды даярдоо процессинде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу жана баалоо жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр**: кесиптик компетенттүүлүк, окутуу процесси, ишмердүүлүк, башталгыч математика, тексттүү маселе, маселе чыгаруу, окуу-методикалык колдонмолор.*

*В этой статье говорится о сущности понятия профессиональной компетентности, кредитной системе при подготовке бакалавров по оценке профессиональной компетентности и знаний.*

***Ключевые слова**: профессиональная компетентность, процесс обучения, деятельность, начальная математика, текстовые задачи, решение проблем, учебно-методические пособия.*

*In this article we will define the essence of the professsional competence concept, the credit system in the preparation of bachelors on the assessment of professional competence and knowledge.*

***Key words:** professional competence, the learning process and activities, elementary math, word tasks, problem solving, educational and methodological manuals.*

Баардык учурларда жана ар бир өлкөдө билим берүүдө математика эң негизги предмет катары каралып келген. Себеби, математика предмети окуучулардын ой жүгүртүү көндүмдөрүн өстүрүүгө өбөлгө түзөт, ошондой эле күндөлүк турмушунда практикалык маселелерди чечүүдө чоң роль ойнойт.

Математикалык билим берүүнүн негизги баалуулугу болуп, күндөлүк жана профессионалдык муктаждыктан жана керектөөдөн гана эмес, ал башка илимдердин, техника жана өндүрүштүн өнүгүшүнө кеңири колдонууга шарт түзүп жатат. Ошол себептен азыркы учурда күндөлүк маселелерди чечүүдө айрыкча математикалык ой жүгүртүүгө, логикалык сабаттуулуктун калыптанышына олуттуу салым кошот. Бирок, эң негизгиси – математика окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууга жана алардын максатка жетүүсүнө кепилдик берет.

Салттуу мамиледе окутуунун мазмуну жана жыйынтыгы окуучуларда дээрлик так аныкталат. Мисалы, программага ылайыктуу, илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, практикалык багыты, окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүктөрүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүү ж.б. Азыркы билим берүү процессиндеги жаңы парадигма болгон «компетенттүүлүк» мамиледе бул принциптерди сөзсүз түрдө сактап, ал эми өзгөртүүнү талап кыла турган болсо, анда алар эволюциондук мааниге ээ боло тургандай аяр мамиле кылуу керек.

Илимий-педагогикалык адабияттарда «компетенттүүлүк» түшүнүгү «кайсы бир тармак боюнча билимдүү, маалыматы бар, абройлуу» деп аныкталат [7]. **«Кесиптик компетенттүүлүк»** түшүнүгүнүн маани-маңызын аныктоо көйгөйү психологдордун, педагогдордун, практик адистердин ж. б. кызыкдар адистердин ортосундагы талаш-тартыштар менен ар кыл пикирлердин объектиси болуп келүүдө.

Бул багытта белгилүү окумуштуу Эдинбург университетинин ардактуу профессору Джон Равен «компетенттүүлүк» белгилүү бир тармак боюнча жөндөмдүүлүк жана өзүнүн иш-аракетине болгон жоопкерчиликти түшүнүү деп аныктайт [1].

Т.М. Сорокина мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү бул теориялык жана практикалык даярдыгын педагогикалык ишмердүүлүгүндө колдоно билүүсүн[1], Н.Ибраева мугалим теориялык билимин практикада билгичтик менен пайдалана билүүсүн [2], ал эми А.А. Касымов [4] **кесиптик компетенттүүлүкө** темага жана тиешелүү билим тармакка байланыштуу белгилүү бир даражада маалыматы бар экендигин көрсөтүү. Предметти, түшүнүктөрдү, аткара турган иштерди так билүү. Окуу материалына төп келген методду жана окутуу технологиясын, кошумча материалды жана ыкманы колдоно билүү.

Өзү окуткан окуу предметке байланыштуу эреже, теория, аныктама, принцип, түшүнүктөрдү жатык тилде, төп келтире үйрөтө ала турганын көрсөтүү деп эсептешет.

Болочок педагогдорду даярдоо процессинде кесиптик компетенттүүлүк менен бирге предметтик, б.а. математикалык компетенттүүлүк да негизги ролду ээлейт. Математикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу мугалимдерди даярдоодогу зарыл шарттардын бири. Азыркы учурдун мугалими терең билимдүү болушу керек: математиканын мазмунун жана аны менен иштөө системасын, математиканын тарбия берүүчүлүк маанисин жакшы билип, математиканы окутуунун теориялык негиздерин жана принциптерин өздөштүрүүсү зарыл. Болочок педагогдор-

ду окутуп математикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн, башталгыч математиканын теориялык негиздерин жана аны окутуунун методикасын тереңдедип өздөштүрүүдө гана башталгыч класстын болочок мугалимине зарыл болгон билим менен камсыз болот. Ал эми башталгыч математиканын мазмунун терс эмес бүтүн сандар жана алар менен болгон арифметикалык амалдар, алгебралык жана геометриялык материалдар, чоңдуктар жана аларды ченөө, ошондой эле түрдүү мазмундагы тексттүү маселелер түзөт.

Алгач эле башталгыч математиканы окутуу процессинде оң бүтүн сандарды жана алардын үстүнөн жүргүзүлүүчү амалдарды окуп-үйрөнүүнүн негизги каражаты катарында тексттүү маселелер кеңири колдонулат. Анткени окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана интеллектуалдык деңгээлине ылайык келип, тексттүү маселелер түшүнүү менен кабыл алууну камсыз кылары практикада жана теориялык изилдөөлөрдө далилденген. Тексттүү маселелерди чыгаруу процессинде анализ жана синтез, конкреттештирүү жана абстракциялоо, модел түзүү салыштыруу жана жалпылоо иштери аткарылат.

Демек, маселе чыгаруу иши окуучулардын акыл-сезиминин өсүшүнө өбөлгө болот. Анткени бул иш окуучулардан чымырканып эмгектенүүнү, өзүнүн акыл эмгегин туура уюштура билүүнү талап кылат. Маселе чыгарууда жогоруда белгиленген: анализ жана синтез, конкреттештирүү жана абстракциялоо, модел түзүү, салыштыруу жана жалпылоо операциялары аткарылат. Окуучу ар кандай тексттүү маселенин чыгарылышына анализ жасай алат, шартынан суроосун ажыратат, белгилүү жана белгисиз чоңдуктарды бөлө алат, чыгарылышынын шартын белгилөө менен конкреттештирүүнү, андан кийин абстракциялоону пайдалануу менен синтезди аткарат.

Ал эми тексттүү маселелерди чыгаруу башталгыч мектепте кандайча ишке ашат. Биз байкагандай практикада класста 3-4 окуучу гана маселени өз алдынча чыгара алат, калгандары же мугалимдин түрткүсү менен иштешет, же көчүрүп алышат.

Мунун себеби эмнеде? Албетте, маселе чыгаруу объективдүү кыйынчылыкка ээ, анткени ал татаал, ишмердүүлүктүн толук циклин – пландаштыруудан баштап жыйынтыктоого чейинки аракеттердин чогуусун камтыган процесс болуп эсептелинет.

Ал эми тажрыйбаны алып карасак, башталгыч мектепти ал тургай орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн көбү маселе чыгаруу билгичтиктерине ээ болбой келишет.

Демек, ЖОЖдо педагогикалык кадрларды даярдоо процессинде окутуучулар курамынын миссиясы математикалык даярдыгы жетишээрлик, дүйнөлүк стандарттын талабына жооп бергендей адистерди тарбиялоо болуп эсептелинет.

Биз жогоруда кеп кылып жаткан тексттүү маселелер ЖОЖдо кандай окутулат? Башталгыч класстын мугалимдерин даярдоого арналган окуу-методикалык колдонмолордо текстүү маселелер үч багытта сунушталган: биринчи багыттагы окуу-методикалык колдонмолордо (“Математика для студентов 1 курса факультетов подготовки учителей начальных классов пед.вузов” авт. А.А. Столяр и др.) типтүү чыгарылышка ээ болгон тексттүү маселелер. Мында, окутуучу бир нече маселелерди чыгаруу менен типтүү чыгарылыштарын көрсөтмөлүү түшүндүрүп берет. Экинчи багыттагы окуу-методикалык колдонмолордо(“Сборник задач и упраж-нений по математике, авт. Т.П.Быкова и др.”) математикалык билим берүүнүн дидактикалык моделин ишке ашырууга багытталган тексттүү маселелер каралган. Мында типтүү маселелерден тышкары өнүктүрүүчү маселелер киргизилген. Өнүктүрүүчү маселелердин мазмуну жана чыгаруу ыкмасы ар түрдүү болуп, окуу процессине тийгизген таасири чоң. Бирок, мындай маселелерди практикада математикалык жөндөмдүүлүгү жогорку деңгээлдеги студенттер гана чыгара алат. Бул окуу-методикалык колдонмолордо маселе жөнүндө түшүнүк жана алардын структурасы, чыгаруу жолдору каралбайт. Үчүнчү багыттагы окуу-методикалык колдонмолордо (“Математика” авт. Л.П.Стойлова) тексттүү маселелердин теориялык негиздери жана аны чыгаруунун жалпы методикасы каралган. Мисалы, Л.П.Стойлова [5] текстүү маселенин чыгаруу жолдорун 4 этапта сунуштайт: 1) маселеге анализ жүргүзүү; 2) маселени чыгаруунун планын издөө; 3) планды ишке ашыруу; 4) маселенин чыгарылышынын тууралыгын текшерүү.

Демек, биз байкагандай бардык окуу-методикалык колдонмолордо математикалык маселелерди чыгарууда инсандын когнитивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруучу комплекстүү тапшырмалар системасы камтылбайт. Болочок башталгыч класстын мугалимдерин тексттүү маселе чыгаруу аркылуу математикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн маселе чыгарууда жогорудагы этаптарды ишке ашыруу менен бирге студент өз алдынча математикалык маселелерди чыгаруунун методдорун тандоого жана бир нече методдорду колдонуп чыгарууга, өз алдынча тапшырмаларды тандоого, математиканын башка тармактарынын арасында байланышты түзүүгө, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө үйрөнүүсү керек.

Ал эми кредиттик система боюнча окутууда билим берүүнүн сапатынын эң негизги көрсөткүчү – бул студенттердин өз алдынча иштери(СӨИ) жана окуу-методикалык комплекси (ОМК) болуп саналат. Предметтин окуу-методикалык комплекси өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- окутуучу үчүн жумушчу окуу программасы;
- студент үчүн жумушчу окуу программасы;
- лекциялардын кыскача мазмуну;
- аудиториялык сабактардын планы жана алардын өтүлүшүнүн методикасы;
- тесттердин жыйнагы;
- өз алдынча иштердин мазмуну;
- студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча сунушу;
- предметтин ар бир модул боюнча бааларынын критерийлери.

- Студенттердин билимдерин текшерүүгө көрсөтмөлөр;
- Студенттердин билимин баалоонун критерийлери. Окуу процессин камсыздоо үчүн окуу процесс төмөнкүлөр менен камсыздалыш керек. 1. Ар бир дисциплина боюнча программалар (мазмуну, кредиттердин саны); 2. Аудитордук иштер үчүн материалдар (лекциянын конспектиси, семинардын программасы, иштетилүүчү иштин планы, мультмедиалар, студенттин иш планы); 3. Өз алдынча иш үчүн материалдар (үй тапшырмалар, өзүн-өзү текшерүүчү иштер, презентация, текшерүүчү материалдар, тапшырмалар, экзамендик билеттер). 4. Практикалык иштер үчүн материалдар (тапшырмалар, күндөлүктөр программалар).

Андыктан көрсөтүлгөн жагдайды эске алуу менен, биздин кафедрада башталгыч билим берүү адистиги боюнча билим алып жатышкан бакалаврларга сөз болуп жаткан тема боюнча сабактар уюштурулуп жана тиешелүү деңгээлде окуу сааттары өткөрүлүп жатат. Ошондой эле, текстүү маселелерди чыгаруунун практикалык курсу предметинде да тексттүү маселелерди салыштырууга, логикалык тапшырмаларды аткарууга орчундуу көңүл бөлүнөт. Бул багытта башталгыч математиканын негизги курстарына кошумча түрдө, айырманы табууга берилген маселени санды бир нече бирдикке азайтууга берилген маселелер менен салыштырууга, кыйыр түрдө берилген маселелерди, айырмалуу салыштырууга берилген маселелерди санды бир нече бирдикке чоңойтууга же азайтууга берилген маселе менен салыштырууга, өз ара тескери маселелерди салыштырууга маселелер ирээти менен талдоого алынып, аларды чыгаруу жолдорун көрсөтүү менен болочок мугалимдин бул багыттагы иштеринин методикалык жагына да өзгөчө көңүл бөлүнөт.

Демек, педагогикалык ишмердүүлүктү ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн болочок мугалимдер кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуусу өтө маанилүү. Кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн, жалпысынан, математиканын негизги компоненттерин болочок мугалимдер билүүсү жана аларды келечекте окутуу-тарбиялоо процессинде кеңири колдонуусу эң маанилүү ролду ойнойт.

**Адабияттар:**


1. Асмолова А.Г. Психология личности. - 1990.
2. Бекбоев И.Б., Ибраева Н. Математиканы I–IV класстарда окутуу. - Бишкек, Кыргызстан, 1998.
3. Ибраева Н.И., Байсалов Дж.У., Конурбаева Ж.С. Башталгыч математикалык билим берүү методикасы. - Б: 2005.
5. Касымов А.А. Мугалимдин компетенттүүлүгү деген эмне? // Вестник БГУ. – 2010.
6. Теоретические основы начального курса математики. - М.: Просвещение, 1974.
7. Стойлова Л.П. Математика. - М., 2005.
8. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю. Словарь русского языка.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Сияев Т.М.**